# Тушоо тойдо



Автор: Азиза Тыналиева
Которгон: Талгат Деркембаев
Сүрөтчү: Нурай Акматова

# Тушоо тойдо

Автор: Азиза Тыналиева
Которгон: Талгат Деркембаев
Сүрөтчү: Нурай Акматова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023


Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*Впервые на тушоо тое*, Copyright © 2023, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
«Тушоо тойдо» (кыргыз тилинде), автор Азиза Тыналиева,
которгон Талгат Деркембаев, сүрөтчү Нурай Акматова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Майя Бишкекте жашайт. Жайында Ысык-Көлдөн алыс эмес жайгашкан Саруу айылындагы чоң энесиникине барат.

Ал жайкы каникулун ушул жерде өткөрөт.

– Эне, мен Адилет менен үйдө чогуу ойносок болобу? – деп сурады.



– Албетте, балам! Чакыр. Ал өзү да сени сурап жаткан. Сенин келгениңди укса, сүйүнөт го? – деп энеси небереси жакшы көргөн тамакты жасап кирди.

Майя Адилетке билдирүү жазып жөнөтүп жиберди. Ал заматта эле келип калды..

Адилет бети тоголок, толмоч бала. Анын бети толо сепкил. Тармал чачтары тентектигинен кабар берип тургансыйт.

Ал эшиктен акырын баш багып, кызды куулана карап көз ымдап койду.


– Салам! – деп Адилет Мая менен учурашып калды.

Майя чөнтөгүнөн 3D-калемди алып чыкты.

– Сага белек алып келдим, – деп калем сапты досуна берди.

– Оу, укмуш го! Бишкектен ала келдиңби? Сонун! Кантип колдонуу керек? – деп Адилет кубанганын жашырбады.





Майя кутусунан көрсөтмөсүн алып чыкты. Адилет калемдин кантип иштерин бат эле түшүнүп алды.

Ал желим жипти калемге тагып, токко сайды.

– Баса, эртең кичүү инимдин тушоосун кесебиз. Сен да келесиңби?

Майя таң калганынан, көзүн тептегерек кылып туруп калды.

– Менби? Каякка келейин? – деп сурады ал.

– Эртең көрөсүң! – деп Адилет жылмайып калды.

Майя дагы көп суроолорду берейин деди эле, ушул учурда калем кылдырап жылый баштады. Адилет калемдеги эриген желим менен колун күйгүзүп ала жаздады.

Калемден эриген желим менен учак, жылдызча, адамдарды тарта баштады.

– Чоң рахмат, Майя! 3D калем сонун экен. Балдарга да мактанып көрсөтөм.

– Адилет менен Майя оюнчуктарды жасашып, алар менен ар кандай кызыктуу оюндарды ойноп жатышты.






Ошол маалда, Майянын чоң энеси бөлмөгө кирип келди.

– Жүргүлө, балдар, тамак жейбиз. Каймак менен таттуу токоч да жасап койдум, – деди чоң эне.

– Азыр, азыр... Бир аз коё туруңузчу, – деп балдар суранып жатышты. Өздөрү жасаган укмуштарынан ажырай албай турушкан.

– Тезирээк ашканага жөнөгүлө! Болбосо, баарын өзүм жеп салам, – деп чоң энеси тамашалап бөлмөдөн чыгып кетти.




Достор ашкананы көздөй жүгүрүштү.

Балдар тойгондо, кайра оюнга чуркашты. Караңгы кирип калганда, Адилет үйүн көздөй жөнөдү.

Майя Адилеттен сурабай калган суроо менен чоң энесине кайрылды:

– Чоң эне, тушоо той деген эмне?



– Кыргыз салтында бир жашка чыгып, там-туң баскан балага чоң той берилет.

Алар туугандарын, кошуналарын, досторун чакырышып, 50-100 метр аралыкка жарыш уюштурушат.

Жашоодо ак менен кара, кубаныч менен кайгы бирге жүрөт. Ошонун баарына бала сабырдуу болуп жашашы үчүн жип кара менен ак жүндөн эшилип жасалат. Баланын бутуна жүндөн эшилген жипти тушап байлашат.


Ким биринчи келип баланын тушоосун кессе, ошол бөбөктү бастырат. “Тай-тай” деп баланы колунан жетелеп: “Эр жетип, сак-саламат чоңойсун” деп тилек кылышат.

Сен да бизге окшоп чуркайсың. Аксакалдар балага батасын беришет. Баланын ата-энеси чуркагандарга чачыла чачып, боорсок, момпосуй таратышат.

Салт боюнча, тушоо кескен кишиге баш байге берилет.

Коноктор дасторкон үстүндө ким жакшы чуркаганын талкуулашат. Кыргыздарда ушундай салт бар.

– Аябай кызык турбайбы! Мен да катышкым келип жатат, – деди Майя.



Ал эртең менен эрте туруп, жарышка түшмөк болуп, Адилеттин үйүнө жөнөдү.

– Сен убагында келдиң. Кел, машыгып алалы! – деди Адилет.!

Балдар бири-бирин кубалашып жүргөндө, четинен коноктор келе башташты.

Бардыгы топ-топ болуп чогулуп жатышты.

Чоңдор кичинекей Адисти колуна көтөрүшүп, бутуна ала жипти байлашты. Тегеректе ызы-чуу эле болуп калды. Бир маалда Адилеттин байкесинин “Биринчи балдар чуркайт” деген үнү чыкты.

Бардыгы тыптынч эле боло түшүштү.





Майя да балдар менен бир катарга турду.

– Салам, Майя! – деди катарга турган эски дос Абай. Балдар чуркаганга даяр болуп калышты. Бардыгы биринчи болуп келгиси келип жатты!

Алтын байке:

– Стартка! Көңүл бургула! Чуркагыла! – деп кыйкырды. Бардыгы ордунан атып кетишти. Балдар болгон күчү менен тызылдап чуркашты. Бирөөсү муштумун түйүп алып, экинчиси бир метрлик кадамдар менен жүгүрүп келе жатты. Баарынын өздөрү ишенген чуркоо ыкмасы бар экен.



Кичинекей Адис бутуна жип тушалып, эмне болуп жатканын түшүнгөн да жок.

Бирок чымын-куюн болуп, аны көздөй учуп келе жаткан балдарды кызыгуу менен карап турду.

Алтын байке башкалардан озуп өтүп келе жаткан Адилет менен Майяны сүрөткө тартып алды.




Марага Адилет менен Майя биринчилерден болуп жетип келишти.

Бардыгы аларды кол чаап тосуп алышты.

– Бычак, бычак бергиле! – деп кыйкырды Алтын байке.

Балдар бычакты ала коюшуп, Адистин бутундагы жипти кесип жиберишти. Жеңүүчүлөргө байгелер берилди. Достор Адисти колдорунан жетелеп, кубана бастырышты.



Эми Адис бутуна бекем туруп, жашоо жолуна коркпой аттанат...

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Азиза Тыналиева
Которгон: Талгат Деркембаев
Сүрөтчү: Нурай Акматова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

| | |
|---|---|
| 1-класс | 1.1 деңгээли |
| | 1.2 деңгээли |
| | 1.3 деңгээли |
| 2-класс | 2.1 деңгээли |
| | 2.2 деңгээли |
| 3-класс | 3.1 деңгээли |
| | 3.2 деңгээли |
| 4-класс | 4.1 деңгээли |
| | 4.2 деңгээли |